**Академик У.Асаналиев атындагы Кыргыз мамлекеттик геология,**

**тоо-кен иши жана жаратылыш ресурстарын өздөштүрүү университети**

**Тоо-кен технологиялык колледжинин**

**Педагогикалык Кеңешинин № 1 протоколу**

**21.12.2021-жыл**

**Катышкандар:**

**Педагогикалык Кеңешинин 16 мүчөсү**

**Күн тартиби**

1. Тоо-кен технологиялык колледжинин Педагогикалык кеңешинин 2021-2022-окуу жылы үчүн иш планын жана курамын бекитүү
   *Баяндамачы: Тоо-кен технологиялык колледжинин директору Аракеев М.У.*

2. Колледж жөнүндө кыскача маалымат
   *Баяндамачы: Тоо-кен технологиялык колледжинин директору Аракеев М.У.*

3. Студенттерге күзгү аттестацияны уюштуруу (сессия): экзамендердин расписаниесин түзүү
   *Баяндамачылар: Тоо-кен технологиялык колледжинин директору Аракеев М.У.*
   *Тоо-кен технологиялык колледжинин окуу иштери боюнча директордун орун басары Штыбаева О.Р.*

4. Куратордун иш планын бекитүү, студенттердин финансылык окуу төлөмдөрү боюнча иштердин аткарылышы
   *Баяндамачылар: Тоо-кен технологиялык колледжинин директору Аракеев М.У.*
   *Куратор Жусупов Р.Р.*

5. Студенттердин сабакка катышуусу жана окутуунун эффективдүүлүгүн көтөрүү максатында студенттердин окуу жайга адаптация болушуна жардам берүү
   *Баяндамачылар: Окутуучу курам*

6. Окуу-методикалык комплекстерин түзүү иштерине жооптууларды бекитүү
   *Баяндамачы: Тоо-кен технологиялык колледжинин директору Аракеев М.У.*

Кеңешти ТКТ колледжинин директору М.У. Аракеев алып барды.

**1. Педагогикалык кеңештин мүчөлөрүн бекитүү**

*Угулду: Тоо-кен технологиялык колледжинин директору Аракеев М.У.*

Урматтуу Педагогикалык Кеңештин мүчөлөрү! Тоо-кен технологиялык колледжинин тарыхында жазылып кала турган Педагогикалык Кеңешинин биринчи отуруму болуп жатат. Мен ойлойм, бул албетте жакшы башталыш, чындыгында тарыхта жазылып кала турган нерсе. Сиздерди ушул отурумдун жаңы башталышы менен жана кирип келе жаткан Жаңы 2022-жылыңыздар менен куттуктайм. Бул колледжди ачууда көптөгөн кыйынчылыктар болду, биринчи басым лицензия алууга, окуу пландарын түзүүгө жана абитуриенттерди кабыл алууга жасалды. Жыйынтыгында жаңы 2021-2022-окуу жылына лицензия алып, 1-курска 32 абитуриент, ал эми 2-курска 11 абитуриент алууга жетиштик. Эми отурумду күн тартиби менен улантсак, жаңы 2021-2022-окуу жылы үчүн Педагогикалык Кеңештин төмөнкү курамын түзүп алалы.

1. Аракеев М.У. – ТКТ колледжинин директору, Педагогикалык Кеңешинин төрагасы;
2. Штыбаева О.Р - ТКТ колледжинин окуу иштери боюнча директордун орун басары, Педагогикалык Кеңешинин төрагасынын орун басары
3. Исабекова В.Ш. - ТКТ колледжинин методисти, Педагогикалык Кеңөшинин катчысы.
4. Токтокожоева Т.К. – окутуучу, Педагогикалык Кеңешинин мүчөсү
5. Алтымышбаева Л.К. – окутуучу, Педагогикалык Кеңешинин мүчөсү
6. Азаева Ч.С. – окутуучу, Педагогикалык Кеңешинин мүчөсү
7. Бакиева Ж.З. – окутуучу, Педагогикалык Кеңешинин мүчөсү
8. Татыбеков А.Т. – окутуучу, Педагогикалык Кеңешинин мүчөсү
9. Солтонкулова М.Д. – окутуучу, Педагогикалык Кеңешинин мүчөсү
10. Дурмонбаева З.А. - окутуучу, Педагогикалык Кеңешинин мүчөсү
11. Жамангулова Н.Т. – окутуучу, Педагогикалык Кеңешинин мүчөсү
12. Болжуров М.О. – окутуучу, Педагогикалык Кеңешинин мүчөсү
13. Мамырбаева Н.К.- окутуучу, Педагогикалык Кеңешинин мүчөсү
14. Манапова З.Н. – окутуучу, Педагогикалык Кеңешинин мүчөсү
15. Карагулов Ж. – окутуучу, Педагогикалык Кеңешинин мүчөсү
16. Жусупов Р.Р. – куратор, Педагогикалык Кеңешинин мүчөсү

**2. Колледж жөнүндө кыскача маалымат**

*Баяндамачы: Тоо-кен технологиялык колледжинин директору Аракеев М.У.*

Урматтуу кесиптештер, сиздерге жаны ачылган Тоо-кен технологиялык колледжи жөнүндө кыскача маалымат берип кетейин. Колледждин

ачылышы боюнча токтом кабыл алынып академик У.Асаналиев атындагы Кыргыз мамлекеттик геология, тоо-кен иши жана жаратылыш ресурстарын өздөштүрүү университетинде 2021-жылдын 24-майында болуп өткөн Окумуштуулар Кеңешинин отурумунда каралып бекитилген. Ал эми колледжди мыйзамдаштырып лицензияны алуу үчүн тиешелүү документтер даярдалып Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигине жөнөтүлгөн. Бактыга жараша бизге Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин Лицензиялоо боюнча Кеңешинин чечими (2021-жылдын 16-августундагы №17-4 протоколу) жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 19-августундагы №1444/1 буйругунун негизинде колледждин ачылышына жана төмөнкү кесиптик билим берүү программаларына абитуриенттерди кабыл алууга уруксат берилди:

- ✓ 120101 «Колдонмо геодезия»
- ✓ 130201 «Пайдалуу казылмалар кендерин издөөнүн жана чалгындоонун геофизикалык ыкмалары»
- ✓ 130303 «Гидрогеология жана инженердик геология»
- ✓ 130402 «Маркшейдердик иш»
- ✓ 130403 «Ачык тоо-кен иштери»
- ✓ 130404 «Пайдалуу казылмалар кендерин жер астында иштетүү»
- ✓ 130405 «Пайдалуу казылмаларды байытуу»
- ✓ 140603 «Электр машиналары жана аппараттары»

Мындан тышкары биз кошумча документтерди даярдап төмөнкү багыттар боюнча лицензия алууга даярданып жатабыз:

- ✓ Экология
- ✓ Экономика
- ✓ Информатика
- ✓ Технологиялык машиналар жана жабдуулар

**3. Студенттерге күзгү аттестацияны уюштуруу (сессия): экзамендердин расписаниесин түзүү**

*Баяндамачылар: Тоо-кен технологиялык колледжинин директору Аракеев М.У.*

*Тоо-кен технологиялык колледжинин окуу иштери боюнча директордун орун басары Штыбаева О.Р.*

**Угулду:** *Тоо-кен технологиялык колледжинин окуу иштери боюнча директордун орун басары Штыбаева О.Р.*

Экзамендик сессиялар 2021-2022 окуу жылы үчүн түзүлгөн окуу графиги боюнча жүргүзүлүлөт, 1-курстун студенттери үчүн 1 гана контролдук точка,

жалпылап айтканда сессия 2022-жылдын 07-июнунан баштап 2022-жылдын 19-июнуна чейин жүргүзүлөт, ал эми 2-курстун студенттери үчүн 2 (эки) контролдук точка, кышкы сессия 2022-жылдын 04-январынан 16-январына чейин жүргүзүлөт. Жайкы сессия 2022-жылдын 07-июнунан баштап 2022-жылдын 19-июнуна чейин өтүлөт. Студенттер үчүн сессияларды тест (электрондук тест), билет аркылуу кабыл алууга болот. Сессиянын жыйынтыгы AVN системасы аркылуу ишке ашырылып ведомостко коюлат.

4. **Куратордун иш планын бекитүү, студенттердин финансылык окуу төлөмдөрү боюнча иштердин аткарылышы**

   *Баяндамачылар: Тоо-кен технологиялык колледжинин директору Аракеев М.У.; Куратор Жусупов Р.Р.*

**Угулду:** Куратор Жусупов Р.Р. жаңы окуу жылы үчүн түзүлгөн аткарылуучу иш планы менен тааныштырды. Иш планда студенттердин билимге умтулуусу, контракт төлөө шарттары, ар кандай оюн-зоок программалары камтылган. Окуу төлөмү боюнча Декабрь айына карата 9-класстын базасындагы 1-курстун студенттери 47% төлөштү, ал эми 11-класстын базасындагы 2-курстун студенттеринин окуу төлөмү 81% түздү.

5. **Студенттердин сабака катышуусу жана окутуунун эффективдүүлүгүн көтөрүү максатында студенттердин окуу жайга адаптация болушуна жардам берүү**

   *Баяндамачылар: Окутуучу курам*

**Угулду:** Окутуучу Токтокожоева Т.К. – Студенттик жашоо лекциялардан жана семинарлардан, китепканадагы сабактардан гана эмес, ошондой эле Колледждин жана университеттин коомдук турмушуна активдүү катышуудан турат. Биздин студенттерге колледжде өзүн-өзүн алып жүрүүгө, терең билим алуусуна ар бир мугалимдин, куратордун салымы чоң. Ар бирибиз өзүбүздүн сабактардан кошумча акыл-насааттарыбызды айтып, окууну андан ары улантып кетүүсүнө жардам берели, жакында болуп өткөн университеттин 1-курстары үчүн уюштурулган «Тушоо кесүү» аземинде биздин колледждин студенттери активдүү катышып, «Ыраазычылык баракчасына» ээ болушту. Окуудан сырткары куратор тарабынан студенттерди коомго аралашып, ар кандай тарбиялык, маданий иш-чараларга катышуусуна багыт берилиши керек.

6. **Окуу-методикалык комплекстерин түзүү иштерине жооптууларды бекитүү**

*Баяндамачы: Тоо-кен технологиялык колледжинин директору Аракеев М.У.*

Колледжде сабак өтүү процесстери окуу-методикалык комплекстерди, анын ичинде силлабустарды, окуу-методикалык көргөзмө куралдарды түзүп алуу менен башталат. Окуу планында көрсөтүлгөндөй ар бир сабактын өзүнүн камтыган циклдери болот, биз аларга бирден жооптуу мугалимдерди дайындайбыз жана окуу-методикалык кеңешке жооптуу катары бир адамды бекитип коелу.

- ✓ Жалпы билим берүү циклине жооптуу – окутуучу Жамангулова Н.Т.
- ✓ Жалпы гуманитардык жана социалдык-экономикалык циклине жооптуу – окутуучу Бакиева Ж.З.
- ✓ Жалпы профессионалдык циклине – окутуучу Токтокожовеа Т.К.

Баардык циклдерге жооптуулар дайындалды – макул – 16, каршы – жок.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде жана окуу процессинин сапатын жогорулатуу максатында, ТКТ колледжинин Педагогикалык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Тоо-кен технологиялык колледждин (ТКТ) 2021-2022-окуу жылы үчүн Педагогикалык Кеңешинин төмөнкү курамы бекитилсин:
   - ✓ Аракеев М.У. – ТКТ колледжинин директору, Педагогикалык Кеңешинин төрагасы;
   - ✓ Штыбаева О.Р - ТКТ колледжинин окуу иштери боюнча директордун орун басары, Педагогикалык Кеңешинин төрагасынын орун басары;
   - ✓ Исабекова В.Ш. - ТКТ колледжинин методисти, Педагогикалык Кеңешинин катчысы.
2. ТКТ колледждин директору Аракеев М.У. тарабынан жасалган Колледж жөнүндө кыскача маалымат кабыл алынсын;
3. Студенттерге күзгү аттестацияны уюштуруу (сессия): экзамендердин расписаниесин түзүү иштери график боюнча жүргүзүлсүн жана аларды көзөмөлдөө иши ТКТ колледжинин окуу иштери боюнча директордун орун басары Штыбаева О.Р. жүктөлсүн;
4. 2021-2022-окуу жылына карата түзүлгөн Куратордун иш планы бекитилсин, көрсөтүлгөн иш пландар ишке ашырылсын жана студенттердин финансылык окуу төлөмдөрү боюнча ар бир ай сайын көзөмөлдөнүп куратор тарабынан отчеттор берилип турсун;
5. Студенттердин сабака катышуусу жана окутуунун эффективдүүлүгүн көтөрүү максатында башкача айтканда студенттердин окуу жайга адаптация болушуна жардам берүү, көзөмөлдөө ар бир окутуп жаткан мугалимге жүктөлсүн;

6. Окуу-методикалык комплекстерин түзүү иштери аткарылып, цикл боюнча төмөнкү жооптуулар бекитилсин:

- ✓ Жалпы билим берүү циклине жооптуу – окутуучу Жамангулова Н.Т.
- ✓ Жалпы гуманитардык жана социалдык-экономикалык циклине жоөптуу – окутуучу Бакиева Ж.З.
- ✓ Жалпы профессионалдык циклине – окутуучу Токтокожовеа Т.К.
- ✓ Окуу-методикалык кеңештин ишинин аткарылышын көзөмөлдөө жана аларды ишке ашыруу милдети ТКТ колледждин окуу иштери боюнча директордун орун басары Штыбаева О.Р. тапшырылсын.

**ТКТ колледжинин директору** — Аракеев М.У.

**Педагогикалык Кеңешинин катчысы** — Исабекова В.Ш.

# ЯВОЧНЫЙ ЛИСТ

«21» 12 2021г.

| № | Ф.И.О. | Подпись |
|---|---|---|
| 1 | Аракеев М.У. | [signature] |
| 2 | Штыбаева О.Р. | [signature] |
| 3 | Татыбеков А.Т. | [signature] |
| 4 | Дурмонбаева З.А. | [signature] |
| 5 | Солтонкулова М.Д. | [signature] |
| 6 | Азаева Ч.С. | [signature] |
| 7 | Жамангулова Н.Т. | [signature] |
| 8 | Карагулов Ж.С. | [signature] |
| 9 | Манапова З.Н. | [signature] |
| 10 | Болджуров М.О. | [signature] |
| 11 | Алтымышбаева Л.К. | [signature] |
| 12 | Мамырбаева Н.К. | [signature] |
| 13 | Бакиева Ж. | [signature] |
| 14 | Токтокожоева Т.К. | [signature] |
| 15 | Толобаева Н.Т. | [signature] |
| 16 | Дуйшонбек кызы Г. | [signature] |
| 17 | Жусупов Р.Р. | [signature] |
| 18 | Исабекова В.Ш. | [signature] |